Карлыгачым

Бийиктен жамгыр болуп себелегенде,
Булутмун сени жандап көктөн караган.
Сүйүүнүн сыйкыры бар, себеби сенде,
Кайтарам ал күндөрдү кол кармашкан.

Айдайым жай күнүндөй бир маанайың жаркыраган.
Ар дайым жүзүңдөн нур бир сыласа жалтыраган.
Жытыңа куса болуп мен, көңүлдөш карлыгачым.
Жел менен сагынычтан мен бир сага калкып барам.

Созулуп сүйкүм сенин сүйлөгөнүңдөн,
Жылмайсаң канат бардай өндөнөмүн мен.
Келечек күндөр биздин алдыда болсо,
Өзүңдөн жашаганды үйрөнөмүн.

Айдайым жай күнүндөй бир маанайың жаркыраган.
Ар дайым жүзүңдөн нур бир сыласа жалтыраган.
Жытыңа куса болуп мен, көңүлдөш карлыгачым.
Жел менен сагынычтан мен бир сага калкып барам.

Жашоомдун жарык кылган шам чырагысың,
Жамгырдын жүздөн сүйгөн тамчыларысың.
Тагдырга таазим кылып моюн сунбаймын,
Баары бир мендик кылам карлыгачым.

Айдайым жай күнүндөй бир маанайың жаркыраган.
Ар дайым жүзүңдөн нур бир сыласа жалтыраган.
Жытыңа куса болуп мен, көңүлдөш карлыгачым.
Жел менен сагынычтан мен бир сага калкып барам.

Бүгүндөн, жаңы кадамдан, жол салып сага барам,
Бир болуп ойлорубуз да, булутту аралаган.
Кармашкан колдорубуз, да үзүлбөс болуп турса,
Сүйүнүч толгон коздөрүм башканы карабаган